«Бекитемин»
И.Арабаев атындагы КМУнун
ректору, проф. Абдраева А.Т.
«_5_» _сент_ 2023-жыл

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин студенттерине ректордук стипендияны ыйгаруу жөнүндө**

**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин окутуунун күндүзгү формасында бакалавриат программасы боюнча билим алып жаткан студенттерине ректордук стипендияны ыйгаруу жөнүндө ушул жобо мыкты, окуусун изилдөөчүлүк иш жана активдүү коомдук иш менен ийгиликтүү айкалыштырып айырмаланган студенттерге финансылык колдоо көрсөтүү максатында иштелип чыккан.

2. Жобо окутуунун күндүзгү формасы боюнча окуган Кыргыз Республикасынын жарандарына – студенттерге ректордук стипендияны (мындан ары - стипендия) ыйгаруунун тартибин белгилейт.

3. Ректордук стипендия ачык конкурстун негизинде ыйгарылат жана жалпы белгиленген стипендиялардан тышкары төлөнөт. Стипендия жеке болуп саналат, бир окуу жылына (10 айга) белгиленет жана И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин окутуунун күндүзгү формасынын студенттерине бир жолу ыйгарылат.

## 2. Стипендияны алууга талапкерлерди тандоонун критерийлери

1. Стипендияны ыйгаруу окутуунун күндүзгү формасында бакалавриат программасы боюнча 3-4-курстарда окуган студенттердин арасынан ушул Жобонун 2-пунктунда көрсөтүлгөн критерийлерге жана стипендиянын квотасына ылайык талапкерлерди тандоонун негизинде жүргүзүлөт.

2. Стипендияны ыйгаруу үчүн талапкерлерди тандоонун төмөнкүдөй критерийлери белгиленет:

- окутуунун бардык мезгилинде орто аралыктагы аттестациянын жыйынтыгы боюнча алган баалардын жалпы санынан "эң жакшы" деген баа кеминде 90 пайыз болгондо студенттин "эң жакшы" жана "жакшы" деген бааны алуусу;

- стипендия ыйгаруу алдында эки жылдын ичинде өткөрүлгөн студенттердин окуудагы жетишкендиктерине багытталган эл аралык же республикалык олимпиадада, конкурста, мелдеште таймашта башка иш-чарада студентти жеңүүчү же байге ээси деп таануу;
- стипендия ыйгаруу, алдында эки жылдын ичинде студенттин төмөнкүлөргө ээ болуусу:
- интеллектуалдык (илимий-усулдук илимий-техникалык, илимий-чыгармачылык) иште жетишилген илимий натыйжасына студенттин өзгөчө укугун күбөлөндүргөн документти (патент, күбөлүк);
- студенттин мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин бирин билүүсү;
- студенттин билим берүү мекемелеринин коомдук, маданий жана спорттук турмушуна активдүү катышуусу.

### 3. Стипендияны ыйгаруу

1. Стипендияны алууга жогоруда аталган критерийлерге жооп берген талапкерлердин тизмеси Окумуштуулар кеңешинде каралат жана бекитилет.
2. Стипендияны алууга талапкерлердин тизмеси ректордун буйругунун негизинде түзүлгөн комиссияга Комиссия белгилеген моөнөттө берилет.
3. Стипендияны алууга талапкерлердин тизмесине курам бөлүмдөрү ар бир талапкер боюнча төмөнкү документтерди тиркеши керек:

- талапкердин жетишкендиктерин мүнөздөгөн курам бөлүмдөрүнүн өтүнүчү;
- стипендияны алууга студентти көрсөтүү жөнүндө курам бөлүмдөрүнүн Окумуштуулар кеңешинин жыйналышынын протоколунан кеңештин төрагасынын жана окумуштуу катчысынын койгон колу менен күбөлөндүргөн көчүрмөсү;
- мыкты академиялык жетишкендигин тастыктаган акыркы эки окуу жылы үчүн зачеттук китепчесинин көчүрмөсү;
- талапкердин конференцияларда, олимпиадаларда жана конкурстарда жетишкендиктерин тастыктаган документтердинкөчүрмөлөрү, анын ичинде:

-талапкер (жеке же тең авторлош болуп) жарыялаган илимий иштеринин (ушундай иштери болсо) тизмеси;

- илимий конференцияларда, симпозиумдарда чыгып сүйлөгөн темаларынын тизмеси, алардын өткөрүлгөн жери жана убактысы көрсөтүлөт (ушундай иштер болсо); (сертификат)

- илимий-изилдөөчүлүк иште, чыгармачылык жана спорттук мелдештерде (ушундай иштер болсо) талапкердин ийгиликтерин тастыктаган башка документтер; (диплом, грамота, ыраазычылык кат)
- инсандыгын тастыктаган документтин көчүрмөсү; (паспорт)
- төмөнкүдөй өтүнмөлөр каралбайт жана конкурска катышууга жол берилбейт.
- электрондук почта боюнча же факсимилдик байланышты колдонуу менен жөнөткөндөр;
- конкурстун шарттарына ылайык келбегендер;
- тариздөө эрежелерин бузуу менен берилгендер;
- документтерди кабыл алуу мөөнөтү аяктагандан кийин келип түшкөндор.

4. Конкурс ушул Жобонун 2-пунктунда көрсөтүлгөн талаптарга туура келген талапкерлерди тандоо жолу менен жүрөт. Окутуунун бардык мезгилинде орто аралыктагы аттестациянын жыйынтыгы боюнча “эң жакшы" деген гана бар алган студенттерге артыкчылык берилет. Талапкердин жетишкендиктерин баалоо баллдык система боюнча жүргүзүлөт. Стипендиялар кыйла жогору балл алган талапкерлерге ыйгарылат.

5. Ректордук стипендияны ыйгаруууда тең шарттар болуп калганда жетим балдар, ата энесинин камкордугусуз калган балдар, майып балдар, бала кезинен майып балдар артыкчылык ээ болот.

6. Стипендиаттардын тизмесин И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору бекитет.

7. Ректордук стипендия И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети тарабынан каржыланат.

«Бекитемин»
И.Арабаев атындагы КМУнун
ректору, профессор Т.А. Абдраева

«_5_» ________________ 2023- жыл

**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин 2022-2023-окуу жылына карата жаштар менен жүргүзүлүүчү иштердин комплекстүү планы**

Университетте жаштар менен жүргүзүлүүчү иштерди уюштуруу – бул жаштардын ийгиликтүү социализацияланышына, өзүн-өзү реализацияланышына, укуктук, экономикалык, социалдык, уюштуруучулук шарттардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн түзүлүшүнө багытталган иш чаралардын системасы. Ушул иш чаралар системасын иш жүзүнө ашырууда университеттин милдеттери төмөнкүдөй:

1. Жогорку билим алууда студенттердин нравалык, маданий, интеллектуалдык муктаждыктарын канааттандыруу
2. Социализациялануу жана ден-соолугун чыңоо үчүн бардык шарттарды түзүү.

Университеттин ишмердүүлүк процесстерине жаштарды активдүү тартуу жана катыштыруу

3. Студенттердин демократия шарттарына шайкеш жарандык позициясын калыптандыруу

Жогорудагы атайын бекитилген комплекстүү пландын негизинде иш жүзүнө ашырылат жана төмөнкү багыттардан турат:

1. *Патриоттук сезимди, активдүү жарандык позицияны калыптандыруу, укуктук тарбия берүү жана студенттик өзүн-өзү башкарууну күчөтүү.*
2. *Маданий-эстетикалык жана этномаданий тарбиялык иштерин уюштуруу*
3. *Спортту жана соо-саламат жашоо ыңгайын жайылтуу.*
4. *Жатаканалардагы жашоо-шартын жакшыртуу.*
5. *Жаштардын чыгармачылык, спорттук потенциалын, интеллектуалдык деңгээлин, өнүктүрүү жана аларды ишке ашырылышына көмөк көрсөтүү.*

| № | Иш-чаралардын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Аткаруучулар | Күтүлүүчү натыйжалар жана аткаруу көрсөткүчтөрү |
|---|---|---|---|---|
| **I.** | **Уюштуруучулук-тарбиялык иштер** | | | |
| 1. | Жаштар саясатын ишке ашыруу жана жаштар менен иштөөнү уюштуруу боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (ББИМ) тапшырмаларын аткаруу | Дайыма | Университеттин Жаштар жана социалдык-маданий иштери боюнча бөлүмү (ЖСМИБ) жана бардык курамдары жана түзүмдөрү | Жаштар менен иштөө боюнча мамлекеттик программаларды ишке ашыруу.<br>КР ББИМнин нормативдик талаптары, сунуштары, көрсөтмөлөрү, буйруктары жана расмий каттары. |
| 2. | Жаштар менен иштеген мамлекеттик, чет өлкөлүк, коомдук уюмдар менен өнөктөштүк мамилелерди түзүү жана өнүктүрүү | Дайыма | (ЖСМИБ), курам бөлүмдөрү | Зээндүү жаштар менен болгон ишти активдештирүү.<br>Расмий каттар, отчёттор |
| 3. | Академиялык ак ниеттик, академиялык жетишүүчүлүк, тартип боюнча суроолорду талкуулоо үчүн профессордук-окутуучулар курамынын катышуусунда менен студенттер менен | Жыл бою | (ЖСМИБ), курам бөлүмдөрү | Туура жүрүм-турум көндүмдөрүн калыптандыруу.<br>Студенттер ортосунда инсан аралык мамилелерди түзүү. |